**УДК: 398.22:101.**

**Шейшенбаева Аида Муканбетовна**

*Кыргызский национальный аграрный университет*

## КЫРГЫЗ САЛТТУУ КООМУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК БАЙЛАНЫШТАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Аннотация**: *Макалада авторлор кыргыз салттуу коомунун социалдык байланыштарынын өзгөчө баалуулугун, көп түрдүүлүгүн ачып берүүгө жана салттуу кыргыз коомунун болмушундагы социалдык байланышына анализ беришет. Кыргыз коому патриархалдык, уруучулук салтка, байыркы замандарда түптөлгөн коомдогу жашоо-турмуш образын сактап калууга негизделген, уруулук биримдикти жана уруунун кызыкчылыгын көздөгөн. Андыктан социалдык мамилелер түпкү баалуулуктардын өзгөчө үлгүлөрүн, адаттарды колдонууга багытталган. Авторлор, ата-бабалардын тажрыйбасын пайдалануу салттуу коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп каларын социалдык байланыштар аркылуу талдап берүүгө аракет жасайт.*

**Өзөктүү сөздөр:** *Салттуу коом, каада-салт, ааламдашуу, социалдык байланыш, уруу, социалдык мамилелер, адат, техногендик коом, экспрессивдүү байланыш, инструменталдык байланыш.*

**Шейшенбаева Аида Муканбетовна**

*Кыргызский национальный аграрный университет*

## ОСОБЕННОСТИ СОЦИАЛЬНЫХ СВЯЗЕЙ ТРАДИЦИОННОГО КЫРГЫЗСКОГО ОБЩЕСТВА

**Аннотация:** *В статье авторы раскрывают особую ценность, многообразие социальных связей кыргызского традиционного общества и анализируют социальные связи традиционного кыргызского общества в прошлом. Кыргызское общество было основано на патриархальных, родоплеменных традициях, сохранении сложившегося в древние времена образа жизни в обществе, стремлении к родовому единству и интересам рода. Поэтому социальные отношения направлены на использование уникальных моделей коренных ценностей, привычек. Авторы пытаются через социальные связи проанализировать, как использование опыта предков становится основным фактором устойчивого развития традиционного общества.*

**Ключевые слова:** *Традиционное общество, традиции – обычаи, глобализация, социальные связи, род, социальные отношения, привычка, техногенное общество, экспрессивная связь, инструментальная связь.*

**Sheishenbayeva Aida Mukanbetovna**

*Kyrgyz National Agrarian University*

## FEATURES OF SOCIAL RELATIONS OF THE TRADITIONAL KYRGYZ SOCIETY

**Abstract:** *In the article, the authors reveal the special value and diversity of social ties of the Kyrgyz traditional society and analyze the social ties of the traditional Kyrgyz society in the past. Kyrgyz society was based on patriarchal, tribal traditions, the preservation of the way of life in society that developed in ancient times, the desire for tribal unity and the interests of the clan. Therefore, social relations are aimed at using unique models of indigenous values and*

*habits. The authors try to analyze through social connections how the use of ancestral experience becomes the main factor in the sustainable development of traditional society.*

**Keywords:** *Traditional society, traditions-customs, globalization, social connection, tribe, social relations, habit, technogenic society, expressive connection, instrumental connection.*

**Киришүү:** Салттуу кыргыз коомунун болмушуна, мамилелерине жана социалдык байланышына анализ берүүдөн мурда, өзүнүн түпкү маңызында уруулук коомдун социалдык туруктуулугунун факторунун бири болгон, социалдык топторду ирилештирүү кызматын аткарган «салттуу коом» түшүнүгүнө анализ берүү абзел. Заманбап философия илиминде салттуу жана техногендик коомдун айырмачылыктары тамырлаган. Көптөгөн коом салттуу болгон, бирок тарыхый өнүгүү процессинде европалык аймакта цивилизациянын жаңы – техногендик түрү келип чыккан. Салттуу жана техногендик коомдун айырмачылыгы принципиалдуу мүнөзгө ээ» [1, б. 92].

Салттуу коом жүздөгөн жылдар бою үстөмдүк кылып келген, калыптанган тарыхый образды турукташтырып, жаңыдан түзүлгөн социалдык түзүмгө багытталат. Бул коомдо инновациялык ишмердүүлүк жогорку баалуулук катары каралган эмес. Ата-бабалардын туруктуу тажрыйбалары салттуу образга жана эрежелерге үстөмдүк кылып келген. Ишмердүүлүктүн түрлөрү жана алардын каражаттары, максаттары абдан жай өзгөргөн, жүздөгөн жылдар бою ошол эле көрүнүштөгү туруктуу стереотиптер жаңыланып турган [1, б. 92].

XVII-XVIII кылымдарда кеңири жайылтылган өндүрүш революциясынын доорундагы техногендик коом, салттуулукка караганда төмөнкүдөй – жаратылыш чөйрөсүнүн тездик менен өзгөрүшү, адамдардын социалдык байланышынын түрлөрү менен коштолгон өзгөчөлүккө ээ. «Техногендик цивилизацияга кийинки өнүгүү үчүн негиз болгон жасалма материалдык дүйнө катары техночөйрөнүн түзүлүшү мүнөздүү» [2, б. 9]. Илимий билимди өндүрүштө системалуу колдонуу техника жана технологиянын тездик менен өзгөрүшүн шарттайт, ошого ылайык адамдын жаратылышка карата болгон мамилеси түп-тамырынан бери өзгөрөт, адам өзүнө зарыл болгон предметти түзүү менен кайра өзгөртүлгөн жаратылыш объектисине туруштук берүүчү күчтүн сапатын түшүнөт. Жаратылыш «сактоочу үй», «адам дүйнөнүн борбору» катары кабыл алынат жана техногендик цивилизацияга ылайык адамдын дүйнө таанымы өзгөрөт. Баалуулуктун өзү жаңычылдык, оргиналдуулук деги эле жаңылык болуп эсептелет. Ал эми салттуу коомго жай ыргак менен өнүгүү мүнөздүү, канчалаган муун алмашат, бирок, ошол эле убакта, үлгү эрежелер сакталуу менен кийинки муунга өткөрүлүп берилет.

**Изилдөөнүн материалдары жана ыкмалары:** Ааламдашуунун кесепеттерин анализдөө менен адамдардын ортосундагы салттуу байланышты негизинен, артта калган, локалдык коомчулуктун алкагында, глобалдык масштаб менен байланышкан, көп функционалдуу жана өзгөчөлүгү жок байланыш менен алмаштыруу, моралдык баалуулуктарды муундан-муунга өткөрүүнүн механизминин бузулушуна алып келет. Салттуу коомдун белгилүү бир өзгөчөлүгү туруктуу өнүгүүнүн негизги факторлорунун бири белгиленген

баалуулуктарды өнүктүрүүгө багытталган, билим, билгичтик, практикалык көндүм, салттуу каадалар, жөрөлгөлөр, руханий баалуулук, муундан-муунга жеткирген муундардын үзгүлтүксүздүгү болуп эсептелет. Так ошол муундан-муунга үрп-адаты, каада салты, салттуу билимди жеткирүү процессинде утилитардык эле эмес, аксиологиялык мааниге ээ болгон калктын уникалдуу материалдык жана руханий азыктарын трансляциялоо процесси жүрөт.

Кыргыз коому патриархалдык, уруучулук салтка, байыркы замандарда түптөлгөн коомдогу жашоо-турмуш образын сактап калууга негизделген, уруулук биримдикти жана уруунун кызыкчылыгын көздөгөн. Социалдык мамилелер түпкү баалуулуктардын өзгөчө үлгүлөрүн, адаттарды колдонууга багытталган. Ата-бабалардын тажрыйбасын пайдалануу салттуу коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн негизги фактору болуп эсептелет. Чыгыштын улуу философу, энциклопедист-илимпоз Аль-Фараби коом жана коомдогу негизги мамиле жөнүндө мындай дейт: “Коом бул адамдын организми. Коомду башкарган адам бардык жакшы сапаттарга, ден-соолукка, сергек акылга, ыйманга, билимдерге ээ болууга жана өз букараларына жылуу мамиле жасай билүүгө тийиш” [3, б. 9-10].

Ал эми көрүнүктүү окумуштуу К. Поппер коомду эки топко: ачык жана жабык – деп бөлгөн [4, б. 34], ошондой эле, адабиятта коомдун басып өткөн жолун үч этапка ажыратуу да кеңири кездешет. Мындай көз карашты жактоочулар коом турмушун комплекстүү карап, анын ар тарабынын орток белги-касиеттерин аныктап, узак мөөнөткө созулган доорлорго жиктешкен. Алардын эң алгачкысы – салттуу коом болгон. Мында коом турмушу негизинен каада-салт аркылуу жөнгө салынып, коомдук мамилелердин тутумунда адамдардын жеке байланышы чечүүчү күчкө айлануу менен социалдык мейкиндик жана социалдык мезгил туруктуу мүнөздө ыраатталат.

Ааламдашуунун шарданында аз-аздан жоголуп, күнүмдүк керектөөдө этибар алынбай, унутта калып бара жаткан салттуу коомдун баалуулугун сактап калуу, ата-бабаларыбыздын ар тараптуу билимдерин жайылтуу, аны кийинки урпактарга өткөрүп берүү ар бир кыргыз атуулунун милдети болуп эсептелет. Ата-бабалардан калган тажрыйбалардын, билимдердин, адамдар ортосундагы байланыштардын жана мамилелердин салттуу коомду сактап калууда мааниси чоң.

Социалдык байланыштар салттуу коомдогу уруулар арасында түзүлгөн мамилелерди пайда кылган. Социалдык философия илиминде социалдык байланыштарга кеңири маанисинде: эки адамдын ортосундагы узака созулган туруктуу максаттарга негизделген байланыш деген аныктама берилет. Мындай байланыштар кыргыз салттуу коомунда кеңири кездешкен.

Социалдык байланыштардын натыйжасында, салттуу коом жүздөгөн жылдар бою туруктуу мүнөзгө ээ болгон. Кыргыз салттуу коомунун социалдык байланышына анализ берүүдөн мурда, социалдык байланыштардын түрлөрүнө көңүл буруу абзел. Адамдар ортосундагы социалдык байланыштардын төмөнкүдөй түрлөрү бар. Өз ара аракеттенүүлөрүнөн эки типтүү: экспрессивдүү жана инуструменталдык байланышты байкоого болот. Мындай байланыштар кыргыз коомунда да кеңири орун алган. Кыргыз салттуу коомунда индивидди социалдаштыруу кандаш, туугандык

байланыш аркылуу жүргөн, уруунун иш-аракети, жүрүш-турушу, алдыга койгон кадамдары жамааттын катуу көзөмөлүндө болгон.

**Изилдөөнүн жыйынтыгы:** Коом түзүмүнүн салттуу моделин социалдык байланыштын ар түрдүү формаларынан байкоого болот. Кыргыз салттуу коомунда социалдык байланыштар төмөнкү: “саан берүү”, “күч” “ат майы”, “мингич” “союш” “чыгым” “кошумча” “конок алуу” “жүн берүү” , “ашар”, “өрүлүктөө”ж.б. түшүнүктөр менен аныкталат. Ошондуктан кыргыз элинин салттуу коому миңдеген жылдар бою өзгөрбөй, бул социалдык байланыштар коомдун туруктуулугун сактап бекемдеген.

Мисалы: бай, манаптар кедей тууганына сүтүн ичип, жан сактаганга белгилүү мөөнөткө чейин уй берген. Бул үчүн манап же бай аларды чарбасында кээде бүтүндөй үй-бүлөсү менен мал багууга, отун даярдоого, эгин айдоого иштеткен. Манаптан алган малды жыл бою багып, анын төлүн аман сактап калууга милдеттүү болгон. Бул *“саан берүү”* деп аталган. Саан берүү туугандык жардамдын да бир түрү болгон.

Туугандык жардамдын дагы бир түрү “*күч” – деп* аталган. Мында манаптар жана байлар муктаж болгон туугандарына көчүү үчүн көлүк унаа, же болбосо жер айдоо үчүн ат же өгүз убактылуу, ижарага пайдаланууга берип турган. Эпосто бул социалдык байланыш төмөнкүдөй чагылдырылат:

Балта, Жакып башчысы,

Алтайга барып айдалып.

Кыйноону көргөн курган журт

Күн көрөр айла тапты эми;

*Саанчы к*ирип сүт ичип,

Минтип жанын бакты эми

Жылкы жайып, *күч* минип,

Антип жанын бакты эми.

Эчкинин тоңгон майын жеп,

Минтип жанын бакты эми [5, б. 15].

Мындай жардам үчүн кембагал манаптын же байдын чарбасында иштеп берген. Бай-манаптар кедейлерге, кошунасына чарба жүргүзүүдө, көчүп-конууда унаа катары пайдаланууга мал, ошондой эле, “а*т майы”, “мингич” деп* – белгилүү мезгилге чейин кедей тууганына убактылуу минип жүрүүгө жылкы берген. “Манас” эпосунда ат майы тууралуу мындай деп берилет:

Как ушундай кылар деп,

Канчадан бери диттедим.

Көп көрүпсүң көйтөрө

Көкчөгө келип турушуң

Сураган экен ат майын,–

Көкала аты курусун,

Ат аяган жер карайт [5, б. 224].

Ал эми кара сөз түрүндө жазылган “Манас” эпосунда социалдык байланыш *“мингич*” тууралуу да төмөнкүдөй айтылган: “... Бала Манастын алгачкы согушу ушинтип абийир менен аяктады. Калмактардын карылары Жакыптын алдына келип, ыраазылыгын айтып түгөтө албайт. Тууган бололу деп моюн сунушту. Жакып жылкысынан миңин бөлүп, бүлүнгөн айылга берди...” [6, б. 67].

Зарыл болгон мезгилде кедей тууганы байдан, манаптан тамак-аш үчүн союуга “*союш”* алган. Бул социалдык байланыш коомдун ар кандай катмарларынын ортосундагы мамилени бекемдеген. Эпостун “Көкөтөйдүн ашы” эпизодунда мындайча берилет:

Кан Коңурбай алдында,

Көкөтөйдүн Бокмурун

Сегиз миң ирик, беш миң бээ,

*Союшуна* бергени,

Кан Коңурбай, көк жалдын,

Көңүлүн таап алганы [7, б. 23].

Аш, тойлорду өткөрүүгө кеткен чыгымдарды жабуу үчүн туугандарга "*чыгым" деп* салык салынган. Дасторкону үчүн мал жана азык-түлүк берип туруучуга, меймандарды күтүүгө, тойлорду жана майрамдарды өткөрүүгө кеткен чыгымдарын жабууга милдеттендирилген. Бул социалдык байланыш салттуу коомдо жөн гана урук, уруулар арасындагы ынтымакты бекемдөө менен гана чектелбей, материалдык жардамдын да кызматын аткарган.

Аш, той өткөрүүдө, калың төлөөдө туугандар бири-бирине материалдык жардам көрсөтүү максатында "*кошумча"* берген. Бул социалдык байланыштын өзгөчөлүгү салттуу коомдогу инсан арасындагы мамилени, алардын кандай социалдык катмарда экендигине карабай, бекемдеп, коомдун туруктуу өнүгүсүнө шарт түзгөн. Мисалы "Манас" эпосунда:

Кошумча–деп Манаска

Чоролор жүздөн күлүк айдашып,

Эсеби жок көп малга

Келген экен жердин жүзүн жайнатып" [5, б. 261]-деп айтылат.

Журт ээлери жаңы жерге көчүп келгендерге тамак-аш алып келип "өрүлүктөшкөн". Бул социалдык байланыш көчмөн элдин маданиятында чоң мааниге ээ болгон. Биринчиден, уруулар арасындагы байланыш бекемделген. Ошону менен алар ишенимдүүлүккө, достукка ээ болушкан. Эпосто бул тууралуу: "Аманыбыз Ата-Журтка жеттик деп, ай туяк чалып, *түлөө* беришти. Көлдү эле жердеп калуу көптүн бүйүрүн кызытты, Көч менен келаткан ар уруу элден бир тобу көлдүктөрдөн тууган таап, ушерде жашоого кала беришти. Жолду катар ак алып чыгып суусун сунган, конуп калган жерлерде *өрүлүктөп* келип жаткандар, өз көлүнө, өз жерине ээ болуп, эркин басып калган кыргыздар арбын жолуга баштады...." [6, б. 156] - деп сүрөттөлөт.

Уруулук коомдун жардам көрсөтүүсүнүн өзгөчө бир түрү *"ашар"* – деп аталган. Байлардын сунушу боюнча аларга көз каранды букара эл чогулуп, кыска убакыттын ичинде анын чарбасында, талааларын иштетип берүү боюнча кандайдыр бир чоң ишти чогуу аткарып беришкен. Кыргыздардын салттуу коомун аалгачкы изилдөөчүсү М. Гаврилов "ашар" тууралуу: "Жарды таптарынын арасында ар кандай өз ара жардамдашуунун түрлөрү байкалат, мисалы, "ашар"– бир кыштоодо жашоочулардын арасында, өз каалоосу менен бири-бирине жардамдашуусу"–деп белгилейт. Мындай жардам бир нече күнгө чейин болуп, үй курууда, талаачылыкта ишке ашырылган. Ашарга чакырган адам адатта сөзсүз мал союп (эчки, козу) тамактандырууга милдеттүү болгон [8, б. 35]. Бул социалдык байланыш кыргыздардын салттуу коомунда адамдардын ортосундагы мамилени чындап, кандайдыр бир деңгээлде коомдун туруктулугун бекемдеген.

Кийим-кечеден баштап, турак жайдын бардык жабдыктары жүндөн жасалгандыктан, тиешелүү деңгээлде жүн менен камсыз болуу кедейлер үчүн кыйынга турган. Кой кыркыны башталган мезгилде кедей адам бай тууганынан жүн бөлдүрүп алган. Бул социалдык байланыш "*жүн берүү"* – деп аталган: "Манас" эпосун кара сөз түрүндө жазган жазуучу Ашым Жакыпбектин "Теңири Манастагы" өз ара байланыштар мындайча берилген:

*“...саанчы кирип* сүт ичишке, жылкы жайып *күч минишке*, кой кайтарып акы алышка, ошентип азырынча жан багышка...” деп берилет. Алтайга качып барган Жакып баштаган кыргыздар, коңшу жашаган калмак эли менен жакшы мамиледе болуу менен убактылуу жан багууга ушинтип аракет жасашкандыгын көрөбүз. Эпосто мындай деп айтылат: “Кырк үйлүү кыргыздын эркеги бадал кесип, уук-керегенин камында болду. Катындар калмактардан бирде сатып алса, бирде *сурап алган жүндөн* үзүк-туурдук камдоонун аракетинде болду, “Өткөн жайы, күзүндө алдуу күчтүү жигит келиндер калмактарга *саанчы* кирип ак ичип, жылкысын кайтарып, *күч минип*, аягында анча-мынча мал таап кайтыптыр” [6, б. 34] - деп айтылат. Мындай байланыштар салттуу коомдо, эпосто айтылгандай эле байыркы мезгилдерден бери уланып келүүдө. Эпостордо, жазма адабиятта уруу кызыкчылыктары, жалпы элдик кызыкчылыктары туугандык байланыштар менен бекемделген. Бардык аш-тойдун чыгымдары туугандарга бөлүштүрүлүп берилген. Мунун артында чыр-чатактар кастыкка айланып кетпес үчүн улуу муундагы аксакалдардын кеңеши көзөмөлгө алып турган. “Манас” эпосунда бул тууралуу:

Аталуу бала урушат,
Агалуу ини жулушат.
Анткен менен кетеби?
Айланышып турушат.
Не түрлүү уруш болсо да,
Эртеси өңүн көрүшөт.
Өлүп калса бир-бирин
Өкүрүп ыйлап көмүшөт.
Улук-кичик бир-бирин
Урматташып көрүшөт [9, б. 772] - деп айтылат.

Жогоруда белгиленгендей адамдар жашоо-тиричилигин өткөрүүдө белгилүү бир социалдык байланыштарга экспрессивдүү жана инструменталдык байланыштар кирет. Кыргыз көчмөн коомунун мүчөлөрү көбүнчө экспрессивдүү социалдык байланышка кирген адамдар башка адамдардын көйгөйлөрүнө эмоционалдуу катышып, ага жоопкерчиликтүү мамиле жасаган. Көчмөндөр социалдык байланыштары аркылуу ишенимге, кадыр-баркка ээ болушкан, жеке маанилүүлүгүн сезе билишкен.

Мындан сырткары коомдун бардык учурларында адамдар ортосундагы байланышты байкасак болот. Ошол эле элдик оозеки чыгармачылыктын жанры болгон макал-лакаптарда коомдук байланыштар кеңири кездешет. Академик А.А. Алтмышбаев белгилегендей, “макал жана лакаптар элдик акылмандыктын уюткусу болуп эсептелет, көлөмү жактан абдан чакан, жеткиликтүү, айкын, аларга бүткүл ой сиңирлет. Алардан биз материалисттик жана демократтык чачкын позициядагы бир катар социалдык-саясий, философиялык жана адабий эстетикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолун таба алабыз [10, б. 16]. Бул ойлорду улай макал-лакаптардагы коомдук байланыштардын бар экендигин: “Аганы көрүп ини өсөт”, “Жакшы болсоң бийден, жаман болсоң кулдан”, “Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт”, “Чечende жалпынын сөз акысы бар, байда кедейдин көз акысы бар” [11, б. 80], деген макалдар аныктайт.

Кыргыздын элдик ырлары да көп маанидеги социалдык байланыштарды туюндурат, элдик ыр “Чечкор” аны байыртан бери эле үрөөн сепкенде ырдашчу. Анда социалдык байланыштар төмөнкүдөй берилген:

“Мына септим уучтап,
Жылуу жерден конуш тап.

Бу-жетим-жесирге,
Мунусу–алсыз карыпка,
Бу– ач арыкка,
Сурамчыга, тилемчиге,
Калгандары сизге, бизге, мага" [12, б. 63]

саптарда айтылгандай эле ар бир жумушту аткаруунун алдында, дайыма "элим үчүн, элде болсо, бизде болот" деген ниет менен иш башташкан. Бул жерде экспрессивдүү байланышты көрүүгө болот: өзүнө эмес – жетимге, ач адамга, жесирге, сурамчыга, тилемчиге деп келип, андан кийин бизге, мага деп тилек кылып жатканы дыйкандын меймандостугун, боорукерлигин, адамдарга кылган мамилесин, байланышын көрсөтүп турат.

Социалдык байланышты, мамилелени алгачкы кыргыз эмгек ыры "Оп майдадан" баамдасак болот:

"Оп, оп майда, оп майда,
Береке бер буудайга,
Далым күйдү бу жайда,
Баба дыйкан бар болсо,
Бир карашар ал жайга"[12, б. 64] деп,

эмгек учурунда ыр менен ишин алдыгы жылдырган. Эч качан жалгыздап эмгектенишкен эмес. Сөзсүз урук-туугандар менен кеңешип, акыл калчап иш алып барышкан. Бул дагы бир жолу коомдук мамилени, байланышты бекемдеп келген.

Ушул жагдайдан алып караганда , "Манас" эпосу элдик даанышмандыктын философиясын көп катмарлантып чагылдыруу менен ал кыргыздардын көптөгөн муунунун чыгармачылыгынын жыйынтыгы болгондугу үчүн гана эмес, кыргыздарда цивилизация байыркы мезгилден башталгандыгын айгинелеп турат.

"Манас" эпосунда да коомдук байланыш чагылдырылып, элдин биримдиги, бири-бирине болгон камкордугу жогору бааланган. Маселен,

"Өлүп калсак кокустан
Бир чуңкурга тололук,
Тирүү болсок баарыбыз
Бир дөбөдө бололук" [13, б. 31].

Эпостогу бул түшүнүк жамаатык биримдикти, ынтымакты сактоону жана элдердин бири-бирине болгон байланышын билдирет. Эпостун негизинде ыр саптардан биз, муундар арасындагы үзүлгөн мамилелерди калыбына келтирүүдө маданий баалуулуктарга маани берип келебиз. Анткени, эпос элди тукум-курут болуп жок болуп кетүү коркунучун, ар дайым элдин аң –сезимине салып эскерткен жана элдин дүйнө таанымын чагылдырган улуу чыгарма. Мындай чыгармалар ошол эле учурда "патриархалдык-уруулук бытырандылыктан өзүнчө эл болуп түзүлүү–коомдук маанилүү өзгөрүш катарында өзгөчө типтеги баатырдык эпостордун жаралышына объективдүү өбөлгө болгон" [14, б. 43] негизги кызматты аткарган.

**Жыйынтык.** Жогоруда жазылган ойлордун негизинде мындай тыянак чыгарсак, кыргыз эли эгемендүүлүккө ээ болгондон бери биздин коом менен байланышта болгон көп маселелер пайда болду. Алардын бири жана эң негизгиси адамдар коомдун ичинен өзүнүн тиешелүү ордун аныктоо көйгөйү. Кыргыз коомунун өз руханий тарыхы жөнүндө билими болсо дагы, ал бүдөмүк мүнөздө болуп келген. Өткөн доорун билбеген, өзүнүн тарыхый-тажрыйбасынан ажыраган эл, дүйнөдөгү өз ордун аныктай албайт, демек, тарыхый келечеги жок болуп, күнүмдүк турмуш менен гана жашоого жөндөмдүү. Ошондуктан, биздин учурда илгерки

өткөн дооруна кайрылуу өтө орчундуу маселеге айланды.

Элдик оозеки чыгармаларда камтылган күнүмдүк философемаларда салттуу коомдун социалдык байланыштары терең ачылып, алар көчмөн коомдун байыркылыгын, калыптанышын, өнүгүшүн, өзгөчөлүгүн чагылдырган.

## Адабияттар


1. Степин В.С. Философия науки. – М., 2006. – 384 с.
2. Лешкевич Т.Г. Философия науки. – М.: ИНФРА-М, 2006. – 272 с.
3. Аль-Фараби. Социально-этические трактаты. Издательство “Наука” Казакский ССР/ Алма-Ата, 1973. - 398 с.
4. Реале Дж., Антисери Д. Западная философия от истков до наших дней. В 4т. Т.4. СПб., 1997. – 673 с.
5. “Манас”1-бөлүк. Кыргызмамбас Фрунзе–1958.15-бет
6. А. Жакыпбек Теңири Манас: Роман/ Сүрөтчүсү Т.Курманов.– Б.: “Кыргызстан”, 1995. –560 б.
7. “Манас” 2-бөлүк. Кыргызстан. Фрунзе –1986. 23-бет.
8. Гаврилов М. Классовый состав “букары” горной Киргизии. В кн.:под ред. Б.Б. Карп и И.Е.Суслова. “Современный аул Средней Азии”(социально-эконом.очерк) вып. X, Ташкент, 1927.
9. С. Орозбаков. Инв.№589, 772-773-бет.
10. Алтмышбаев А.А. Из истории общественно-политической мысли кыргызского народа в конце XIX и в начале XXвека //Известия АН Кирг. ССР. Вып. IV. - Фрунзе: Изд-во АН Киргизской ССР, 1957. - С.16.
11. Кыргызские пословицы и поговорки/из собрания академик К.К. Юдахина / Сост. Сарбагышева Н.М. –Б.:2007. –204 с.
12. Эмгек ырлары. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. – Б.:1999. «Кыргызстан-Сорос» фонду. I.Т. – 739 б.
13. “Манас” эпосу С.Каралаевдин варианты боюнча. 1-китеп. -31-бет.
14. Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. “Илим”басмасы. Фрунзе 1981.


**Автор тууралуу маалымат:**


1. **Шейшенбаева Аида Муканбетовна** - К.И. Скрябин ат. КУАУнун Тарых жана философия кафедрасында доценттин милдетин аткаруучу. Телефон: (моб.; раб.) 0708 023-023. Адрес: г. Бишкек, Ак-Босого. ул.Чуй -33. E.mail: sheyshembaeva78@mail.ru